**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж. № 11 Бишкек ш.

**Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 16 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 394 токтомунун (№ 6э/к-4/14 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Терапиялык профилдеги клиникалык медицина жана алдын алуучу медицина боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 16 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктунда белгиленген талапка жооп бербегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан төмөнкү эксперттик кеңештин мүчөлөрү чыгарылсын:

- эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары 14.01.05 – кардиология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча м.и.д., проф. Романова Татьяна Анатольевна;
- 14.01.08 – педиатрия (авторефераты боюнча), 14.01.09 – жугуштуу оорулар (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча м.и.д., проф. Джолбунова Зуура Керимбековна;
- эксперттик кеңештин окумуштуу катчысы 14.01.08 – педиатрия (авторефераты боюнча) адистиги боюнча м.и.к. Бейшебаева Насира Адылбековна.

2. Эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин акад. М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун артериалдык гипертензия бөлүмүнүн башкы илимий кызматкери м.и.д., проф. Полупанов Андрей Геннадьевич 14.01.05 – кардиология (авторефераты боюнча), 14.01.04 – ички оорулар (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министирлигинин Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун аллергология бөлүмүнүн башчысы м.и.д., проф. Ашералиев Мухтар Есенжанович 14.01.08 – педиатрия (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы неонатология курсу менен госпиталдык педиатрия кафедрасынын доценти м.и.к., доц. Болотбекова Айнура Жээренчиевна 14.01.08 – педиатрия (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

3. Эксперттик кеңештин төрагасынын орун басарлыгына м.и.д., проф. Ашералиев Мухтар Есенжанович дайындалсын.

4. Эксперттик кеңештин окумуштуу катчылыгына м.и.к., доц. Болотбекова Айнура Жээренчиевна дайындалсын.

5. 14.01.09 – жугуштуу оорулар адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар тышкы эксперттик корутундунун негизинде каралсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**